**Эл аралык Кувейт университетиндеги «Араб филологиясы» кафедрасында болуп өткөн**

**«Араб тили бүтүрүүчүлөрү иш майданда » аттуу тегерек столдун**
**ПРОТОКОЛУ**

**Өткөрүү жайы: "Катар" залы**
**Күнү жана датасы:28/02/2022ж**

**КАТЫШУУЧУЛАР**

**Модератор**: Конокбаев Н.Т., Сана Аль Каваж.
Байсеркеев А.Э. ЭКУ ректору
Асанбеков М.К ЭКУ окуу иштери жана илим боюнча проректор;
Мухаммад Исмаил- «Араб филологиясы» кафедрасынын башчысы;
профессордук –окутуучулук курамы, магистранттар, студенттер;
Мохаммед Абед Эль-Жажи- «Смарт Дженерейшн»фондунун директору;
Иминов Айбек Жакенович- Кыргыз Республикасынын дин комиссиясынын башчысы;
Хакам Ирфан- Ас-Сафа" кайрымдуулук фондунун офис менеджери;
Шарипова Жазгүл Абдибаитовна- «Илим –нур» мектебинин директору;
Маткасимова Абиба Арапбаевна-«Наима» мектеби директору;
Чолпонкулов Руслан Тургунбаевич-«Таберик» илим берүү мекемеси директору;

Турсунбеков Замир Аманканович-Кыргыз Республикасынын президентинин администрациясынын изилдөөлөр, саясатты иштеп чыгуу жана реформаларды ишке ашыруу бөлүмүнүн эксперти;

Нурманбетова Нурийла Садыровна -«Давха» мектеп комплекси окуу бөлүмү боюнча завуч;

Орозбаева Айжан-«Ак жоолук» кайрымдуулук фондунун мүдүрү;

Ильязов Абай- АКШ элчилигинде коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн кызматкери;

Эмилбекова Асель-«Сова» билим берүү борборунун мүдүрү;

Асилбек уулу Иманбек-«үй-бүлөөстан» окуу борборунун директору;

Асылбек уулу Мунарбек- «Наима» мектебинин окутуучусу;

Араева Жаңылмырза Абылбековна-«Илим –Нур» мектеп комплексинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары;

Альхатиб Иса Муин «Илим-Нур» - мектеп комплексинин окуу бөлүмү боюнча завучу жана араб тили мугалими;

Маңыбаева Нурия -Эл аралык Кувейт университетинин студентинин энеси;

Исламова Зухра- Эл аралык Кувейт университетинин студентинин энеси;

Камилова Алтоокан -Эл аралык Кувейт университетинин студентинин энеси;

Камилов Мухаммаджан -Эл аралык Кувейт университетинин студентинин атасы;

Тилемишов Жамгырчы - Эл аралык Кувейт университетинин студентинин атасы;

Абдылдаева Г. И. –катчы.

**КҮН ТАРТИБИ:**

1 Иш берүүчүлөр менен жогорку окуу жайынын конструктивдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүү боюнча;

2. Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын мазмунун жаңылоо жана сапатын жогорулатуу боюнча иштерди улантуу тууралуу;

3. Студенттердин тиги же бул мекемелерди практика өтүүсүнө көмөк көрсөтүү;

4. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу боюнча кызматташуу;

5. Студенттердин практика өтүүсүн уюштуруу маселелери жөнүндө.

Модератор: Саламатсыздарбы, Урматту иш беруучулор, мугалимдер, бүтүрүүчүлөр «Араб тили иш майданында бүтүрүүчүлөрү» аттуу тегерек столго кош келипсиздер! Өзүңүздөр билгендей эле биздин окуу жай Кыргызстанада кана таанымал болбостон, Орто Азия мамлекеттеринде да таанымал. Негизи ушул тегерек столго катышып жаткандардын баардыгы ушул бизидин талкулануучу маселеге тийешеси бар өкүлдөр катышып отурат. Тегерек стол 3 багытта (бөлүккө) бөлүнмөкчү:

1. Иш берүүчулөр менен талкулоо.

2. Студенттердин ата –энелеринен келген өкүлдөргө суроолор.

3. Ушул кафедраны бүтүп кетип жакшы ийгиликтерге жеткен биздин бүтүрүүчүлөр менен талкулоонуучу маселелер бар.

Тегерек столдун алгачкы сөзүн ЭКУ нин ректору Байсеркеев Аскар Эсеновичке берилет.

**Байсеркеев Аскар Эсенович:** Саламатсыздарбы, урматту биздин кадырлуу меймандар, бүтүрүүчүлөр, ата –энелер жана биздин студенттер ушул тегерек столго кош келиптирсиздер. Бүгүнкү күндө Университеттин өзүнүн ишмердүүлүгүнүн денгээлин, аныктап баалаш үчүн аккредитациядан өтүп жатат анын талаптарынын бири- канчалык денгээлде биздин коом, мамлекет бүтүрүүчүлөр учун канчалык саппатта даядалып жатат деген баа берүү максатында ушул жерге чогулуп отурабыз.

Биринчиден иш берүүчүлөр тарабынан биздин баа берилет, эки бүтүрүүчүлөргө ичинден ата –энелер тарабынан баа берилет. Анан эң негизгиси университет тараптан кандай иш жүрүп жатат. Демек бул- ар тараптуу иштин жыйынтыгы десек болот.

Мен алгачкы бүтүрүүчүлөрдү көрүп жатам. Кубанычтамын. Университет 20 жылдын ичинде Орто Азияда салмактуу иштерди жазады десек болот. Ушул университеттин алгачкы кадамын араб тил кафедрасы баштаган. Араб тили кафедрасы бүгүнкү күндө өзүнүн натыйжасын көрсөтүп жатат. Себеби, бул кафедрадан 600 жакын бүтүрүүчүлөр бүттү, алардын ничинен 100 дөй бүтүрүүчү төбөсү көрүнүп, кыргызстан үчүн өзгөчө бир иштерди жазаганын сыймыктануу менен белгилесек болот. Араб тили

кафедрасынын натыйжалуу болгондугунун эки негизи бар деп ойлойм. Биринчиден бизде иштеп жаткан д. Али Елабду , Махмуд Исмаил, Сана Аль Гаваж, Футух Юнус, Ихаб устаздар сыяктуу араб тилин алып жүрүүчүлөрдүн сабак берүүсү жана өз ишин жакшы билиши. Экинчиден окуган студенттердин жоопкерчилиги, аракети деп билсе болот. Негизи профессор- окутуучулар жамааты өздөрүнүн ишинин натийжасын көргөздү.

Ошол себептен ЭКУ кырыгызстанда араб тилин окутуу боюнча илимий методикалык борбор болуп калды десек болот. Себеби ушул Али Ебду баштап жазган китеп Кыргызстандын баардык араб тили боюнча окуу жайларында окуу китеби болуп министирлик денгээлинде бекиди . Бул чоон сыймыктана турган иш.

Ушул араб мугалимдер менен катар эле Баратали, Нурсултан, Назгуль да араб тилинен кем калбай сабактарды бергендиги сыймыктандырат. Ушундай кенишип иш кылсак жакшы ийгликтерди жарата беребиз деген ойдобуз.

Модератор: Кийинки сөздү «Араб филолгиясы» кафедрасынын бөлүм башчысы д. Махмуд Исмаилге беребиз.

**Махмуд Исмаил**: Ассалаляму алейкум студенттерге билимди толук берүүнүн үстүндө иштеп жатабыз. Азыркы күндө кафедрада араб тилинен сабак берип 16 окутуучу иштесе анын 12 жергилуктуу мугалимдер, төртөөсу араб мугалимдер . Бул жакшы корунуш, университет жаны ачылганда 20 дай араб мугалимдер болчу. Эми алардын ордун жергиликтүү мугалимдер алды десек болот. Жогруда айтылып өткөндөй д. Али Абдунун университеттер үчүн араб тилин үйрөнүүчүлөргө 4 бөлүмдөн турган китеби бар , андан сырткаары Мектеп курагындагыларга 8 бөлүмдөн турган китеп чыгарды.

Модератор: Азыр негизги талкуулануучу темалардын негизгелерине өтө турган болсок, студенттер тарабынан «Бүтүрүүчүлөрдүн портрети» деген темада презентациясына көнүл бурсаныздар.

4-курстун студенти Мухамаджан кызы Розанын презентациясы…..

2 –курстун магистри Качкынбаевдин презентациясы….

Модератор: Талкууга кезекти берсек. Төмөнкү суроолордун тегерегинде ой –пикирлериниздерди айтсаныздар.

- Жаш адистердин портрети иш берүүчүлөрдүн көз карашында;
- Бүтүрүүчү кандай профессионалдык жана жеке сапаттарга ээ болушу керек;
- Ишке кирген бүтүрүүчүнү жумуш ордуна кармап калууга кандай жардам бериш керек?

**Мохаммед Абед Эль-Жажи-**«Смарт Дженерейшн» директору: Асаламу алейкум. Биздин фондо ушул унивеситеттен бүтүп кеткен студенттердин бир тобу бизде иштешет. Чындыгында бул жактын бүтүрүүчүлөрү жогорку денгээлдеги кызматчылар. Биз талап кылган критерийге туура келет . Менде бир нече сунуштар бар: Кыргыз мамлекети бүткүл мамлекеттер менен байланыша ала турган денгээлде ошондуктан мындан аркы университеттин жетекчилиги болобу же кафедра болобу жогорку мамлекеттик

денгээлдеги уюмдар менен мамиле түзсөнүздөр бүтүрүүчүлөргө жумуш табуу жаатына кенири көңүл бурсаңыздар.

Анан дагы менин кийинки экинчи сунушум - бүтүүчулөрдүн картасын түзсөнүздөр. Бүтүрүп кеткендер кайсы жакта иштеп жатат Кыргызстанадабы же чет мамлекеттеби? Ушундай маалыматтарды тактасаныздар.

Үчүнчү сунушум. Араб тилин окуп бүткөндөр биздин фондго тийешелүү мектептерде иштеп жатышат. Магистратура окуп жаткан кезинде аларга окуу методикасы боюнча курстарды уюштурсаныздар . Анткени, араб тилин жакшы билишкени менен башкаларга билим үйрөтүп жаткан учурда, алардын сабак берүү методикасы жетишсиздиги бизге байкалып жатат.

Акыркы айта турган сунушум Университетте араб фондусунун китепканасы бар. Бул китепканадан Кыргызстан гана эмес Орто Азия да пайдалана ала тургандай абдан көп китептер бар. Өткөндө бул темада китепкананын жетекчиси Сана Аль Гаваж менен да сүйлөшкөн элек. Ошол китеп канадагы китептердин тизмегин жанылап, жаны замандын талабына ылайык кылып иш аткарууларды кылышыбыз керек.

**Маткасимова Абиба Арапбаевна-**«Наима» мектеби директору; Ушул тегерек столду абдан жакшы уюштурупсуздар. Себеби, азыр билим берүү тарабында араб тилин окутууга көптөгөн кызыктар, талап болуп жатат. Силерден окуп бүткөн бүтүрүүчүлөрдүн адап ахлагы абдан жакшы, Сунуштардан жаштардын эч кимиси мугалим болгусу келбейт. Сиздерден суранат элем ошол мугалимдик кесипке кызыктырууга сиздер да жардам берсениздер.

Биз сиздер менен кызматташууга дайыма даярбыз. Студенттерди практика өткөрүүдө бизге жиберсенер болот.

**Иминов Айбек Жакенович-** Кыргыз Республикасынын дин комиссиясынын кызматкери: Биз сиздер менен кагаз жүзүндө болбосо да иш жүзүндө дайыма кызматташып келебиз. Силердин бүтүрүүчулөр биздин тармакта иштеп жатышат. Дин комиссиясына да араб тилин билген кадырларга талап бар себеби биз диндер менен иштешкендиктен аналитикалык талдоо жүргүзгөндө араб тилдүү адис керек болот. Мамлекеттик кызмат башка кызматтардан айрымаланып мыйзам менен тыкыр иштешебиз мындан сырткаары ал мекенге болгон потрёт, сезими күчтүү жана ишине болгон кызыгуусу болушу керек. Биз силер менен кызматташууга дайыма даярбыз.

**Альхатиб Иса Муин** -«Илим-Нур» - мектеп комплексинин окуу бөлүмү боюнча завучу жана араб тили мугалими: Араб тили боюнча окутуучулар да окуучулар да көп, мындан тышкары туристтик мекемелер да бар. Биз иш берүүчү катары эмнелерди талап кылабыз. Бизге даяр кадырлар керек, биз алар келип оз жумуштарын кылуусу керек. Менин байкаганымча окутуу ыкмаларына көнүл бурулушу керек деп эсептейм.

**Али Елабду-** «Араб филологиясы» кафедрасынын профессору: Мен бүгүнкү тегерек столдо абдан кубанычта болуп отурам. Биздин алгачкы бүтүрүүчүлөрүбүз биз менен келип ушул чогулушка катышып отурушат. Биздин башка уюмдарга , иш каналарга жөнөткон элчиликтерибиз десек болот. Окуу методикасы боюча айта кете турган болсок 2007 жылдан баштап өзүбүздүн мугалимдерге окутуу методикасы боюнча курстарды өткөрүп келебиз. Мындан тышкаары кээ бир мекептерде да курстарды уюштурганбыз.

Бирок, кээбир мектептер методика боюнча курстарды сунуштаганыбызда кабыл алышпады. Университетти ачкан учурда студенттерибизге жумуш таап берүү өтө кыйын элле азыркы учурда биздин бүтүрүүчүлөргө жумуш таап кетуу кыйын эмес. Методика боюнча көп жылдык тажрыйбадан кийин барак жүзүндөгү курстардын пайдасы жок экенине көзүм жетти. Азыркы учурда теория жузундо досканын алдында студенттердин алдында китепти ачып алып өтүп келем.

**Хакам Ирфан**- Ас-Сафа" кайрымдуулук фондунун офис менеджери: Бүтүрүүчүлөргө кайрылат элем. Биздин фондун алдында 9 га жакын окуу мектептери бар ошол жактага бизге жаны бутуп келген кадырлар менен болгон маселени айтып кетсем. Бул бир гана ЭКУ бүтүрүүчүлөрүнө тийешелүү эмес, жалпы эле Кыргызстандагы жалпы эле араб тилин үйрөнгөн бүтүрүүчүлөргө тийешелуу. Кагаз иштери, жазуу иштери жана методикаладан аксап калып жатышат. Силер ушул нерселерге көбүрөөк көнүл бурсанар.

**Турсунбеков Замир Аманканович**-Кыргыз Республикасынын президентинин администрациясынын изилдөөлөр, саясатты иштеп чыгуу жана реформаларды ишке ашыруу бөлүмүнун эксперти: Саламтсыздарбы, илим алган жериме кайтып келгениме кубанычтамын. Биз араб тилин билүү менен жогорку мүмкүнчүлүктөргө ээ болдук. Ислам динин өздөштүрүүдө да тилдин пайдасы тийди. Эми башында бат эле өз кесибибиз менен эмкектенген жокпуз. Бирок, ушул тил менен жакшы кызматтарда иштеп жатабыз. Менин кенешим- кошумча курстарды ачсаныздар.

**Эмилбекова Асель**-«Сова» билим берүү борборунун мүдүрү: Биз да биринчи мугалим болдук бирок айтып кетчүү нерсе сабак берүүнүн методикасын досканын алдында балдардын мандайында сабак берүү менен уйрөнөт деп айтат элем. Араб мугалимдерге жетишсиз болгон нерсе бул окуу куралдары. Менин сунушум ушул көрсөтмө куралдарды жазашса дейт элем.

**Ильязов Абай**- Кыргыз Республикасындагы АКШнын элчилигинде социялдык бөлүмүнүн кызматкери, бүтүрүүчү : Мен университетке өзүбүздүн өткөн чагыбызды үйрөнүүбүзгө жардам бергендигине ыраазычылыгымды билдирем. Анан менин сунушум. Баардык университеттерде бүтүрүүчүлөрдүн клубу бар. Биздин да ушундай клуб болсо аны каржылоо жолдорун издештирип көрсөнүздөр. Анткени,бул клуб университет менен бүтүрүүчүлөрдүн ортосунда мамилени дагы күчөтүүдө өзүнүн салымын кошо алат экинчиден бүтүрүүчлөрдүн алакасын күчөтөт.

**Чолпонкулов Руслан Тургунбаевич**-«Таберик» илим берүү мекемеси директору; Бүгүнкү тема кызыктуу жана пайдалуу экен. Менин да кенештерим бар. Окучууларга китептер керек 1- класстан 11 класска чейин . Ал окуу куралдарды кыргыздар жазышы керек. Себеби, бизде араб тилинде сүйлөбөгөн коом болгондуктан устаз Али жазган китеп балким жакшыдыр бирок, биздин кыргызстандын адамдары арабча сүйлөбөй тургандыгы эске алынган эмес. Экинчиден балдардын жаш өзгөчөлүктөру да эске алынышы керек.

Анан кийинки сунушум окуу куралдарга жараша көрсөтмө куралдарды да биргеликте жазасак.

**Орозбаева Айжан**. «Ак жоолук» кайрымдуулук фондунун мүдүрү, бутуруучу: Мен студенттерге кайрылыат элем. Окуп жатканда убактынарды туура пайдаланып. Китептерди , мультфильмдерди которуп же пайдалуу тик токторду жазасынар. Кийинки

сунушум бүтүрүүчүлөрдүн клубун жандандырсак. Менин кийинки сунушум, Бизге волонтёрлор керек келип опут алып иштесениздер болот.

**Камилов Мухаммаджан** -Эл аралык Кувейт университетинин студентинин атасы : Биздин балдарга татыктуу илим бергениздерге баранарга ыраазычылык билдирем.

Модератор: Барыныздарга ыраазычылык билдирем. Азыр алдыныздарда турган анкеталарды толтуруп берсениздер.

Анкеталар толтурулду.

Тегерек столдун аягында билим сапатын жогорулатуу жана натыйжалуу иш менен камсыз кылуу максатында тегерек столдун резолюциясы кабыл алынды:

1. «Араб филологиясы» кафедрасында ачык эшик өткөрүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жарманкесин өткөрүү.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзүү.

3. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо процессинде кесиптик компетенцияларга, эмгек функцияларына талаптарды эске алуу менен окуу процессин оптималдаштыруу максатында иш берүүчүлөр менен жогорку окуу жайларынын конструктивдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүү.

4. Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын мазмунун жаңылоо жана сапатын жогорулатуу боюнча иштерди улантуу.

5. Студенттердин тиги же бул мекемелерди практика өүтүүсүнө көмөк көрсөтүү.

6. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу боюнча кызматташуу.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

**1. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо процессинде кесиптик компетенцияларга, эмгек функцияларына талаптарды эске алуу менен окуу процессин оптималдаштыруу максатында иш берүүчүлөр менен жогорку окуу жайларынын конструктивдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүлсүн.**

**2. Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын мазмунун жаңылоо жана сапатын жогорулатуу боюнча иштер улантылсын.**

**3. Студенттердин тиги же бул мекемелерди практика өүтүүсүнө көмөк көрсөтүлсүн.**

**4. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу боюнча кызматташылсын.**

**“Араб филологиясы” кафедрасынын башчысы:** **д. Махмуд Исмаил Ибрахим**
**Катчы:** **Абдылдаева Г.И.**

# «АРАБ ТИЛИ БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮ ИШ МАЙДАНДА»
# ТЕГЕРЕК СТОЛДУН РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

2022-жылдын 28-февралында «Араб филологиясы» кафедрасы «Араб тили бутуруучулору иш майданда» темасында тегерек стол өткөрдү. Тегерек стол бүтүрүүчүлөрдүн магистранттардын жумушка орношуусун жана карьералык өсүшүн камсыз кыла турган билим берүү сапатын жакшыртуу, замандын талаптарына окутуу моделин ыңгайлаштыруу жана кафедранын мамлекеттик мекемелер, бизнес-структуралар жана фонддор менен өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү максатында уюштурулган. Иш-чарага Бишкек шаарында жайгашкан өкүлдүктөр, туристтик агенттиктер мамлекеттик мекемелер, фонддор жана мектептердин 20 жетекчиси катышышты. Тегерек столдун алкагында төмөнкү маселелер талкууланды:

- Бүтүрүүчүлөрдүн портирети студенттердин, магистерлердин көз карашында.
- Жаш адистердин портрети иш берүүчүлөрдүн көз карашында;
- Бүтүрүүчү кандай профессионалдык жана жеке сапаттарга ээ болушу керек;
- Ишке кирген бүтүрүүчүнү жумуш ордуна кармап калууга кандай жардам бериш керек?

Тегерек столдун аягында билим сапатын жогорулатуу жана натыйжалуу иш менен камсыз кылуу максатында тегерек столдун резолюциясы кабыл алынды:

1. «Араб филологиясы» кафедрасында ачык эшик өткөрүү жана бүтүрүүчүлөрдүн жарманкесин өткөрүү.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна мониторинг жүргүзүү.

3. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо процессинде кесиптик компетенцияларга, эмгек функцияларына талаптарды эске алуу менен окуу процессин оптималдаштыруу максатында иш берүүчүлөр менен жогорку окуу жайларынын конструктивдүү өз ара аракеттенүүсү үчүн шарттарды түзүү.

4. Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын мазмунун жаңылоо жана сапатын жогорулатуу боюнча иштерди улантуу.

5. Студенттердин тиги же бул мекемелерди практика өтүүсүнө көмөк көрсөтүү.

6. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусу боюнча кызматташуу.

Явочный лист к протоколу круглого стола
Кафедры «Арабской филологии»

| | ФИО | Контактные данные (Тел №) | Адрес электронной почты | Наименование организации | Должность Сообщество/ | Подпись |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мохаммед Абед Эль-Жажи | | | «Смарт Дженерейшн» | директор | |
| 2 | Абдулла бин Ахмед Аль-Сулайти | | | Катар Мамлекетинин Кыргыз Республикасындагы элчилик | Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчи | |
| 3 | Ибрахим бин Ради бин Абдурахман Аль-Ради | | | Сауд Араб Падышачылыгын Кыргыз Республикасындагы элчилик | Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси | |
| 4 | Иминов Айбек Жакенович | | | Кыргыз Республикасынын дин комиссиясынын башчысы | Иминов Айбек Жакенович | |
| 5 | Каландаров Ахматжан Инамжановичк | | | «Ассафа –Борбору» кайрымдуулук фонду | директор | |
| 6 | Мишъаль Насир Хамад Эль Фихид Эль Хааджери | | | «Катар» кайрымдуулук уюму | директор | |
| 7 | Шарипова Жазгүл Абдибаитовна | | | «Илим Нур» таалим - тарбия берүү комплекси | директор | |
| 8 | Маткасимова Абиба Арапбаевна | | | «Наима» жалпы илим берүү мектеби | директор | |
| 9 | Чолпонкулов Руслан Тургунбаевич | | | «Таберик» илим берүү мекемеси | директор | |
| 10 | Турсунбеков Замир | | | Кыргыз Республикасынын | эксперт | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Аманканович | | | президентинин администрациясынын изилдөөлөр, саясатты иштеп чыгуу жана реформаларды ишке ашыруу бөлүмү | | |
| 11 | Нурманбетова Нурийла Садыровна | | | «Давха» мектеп комплекси | окуу бөлүмү боюнча завуч | |
| 12 | Орозбаева Айжан | 0771320570 | | «Ак жоолук» кайрымдуулук фонду | мүдүр | [signature] |
| 13 | Ильязов Абай | 0770770302 | | АКШ элчилигинде коомчулук менен байланыш бөлүмү | кызматкер | [signature] |
| 14 | Эмилбекова Асель | | | «Сова» билим берүү борбору | мүдүр | |
| 15 | Асилбек уулу Иманбек | | | "үй-бүлөстан"окуу борборунун директору. | директору | [signature] |
| 16 | Мухаммед Абид Аль-Жаажи | | | "Жаннат туризм" компаниясы «Давха» мектеп- комплекси | директор | |
| 17 | Асылбек уулу Муратбек | | | Ак-Көмөч мектеп | | [signature] |
| 18 | Алыбек к н | | | | | |
| 19 | Нурманбетова | | | Давха | | [signature] |
| 20 | Асанбеков | | | Давха | | [signature] |
| 21 | Араева Н. А. | | | ЭКУ [illegible] | | [signature] |
| 22 | Шитаева Ф. | | | УВК „Илим-Нур" | | [signature] |
| 23 | Искендерова А | | | МАФ-1-21 Таберик | | [signature] |

| ФИО | Контактные данные (Тел №) | Адрес электронной почты | Наименование | ФИО | Контактные данные (Тел №) | Адрес электронной почты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бабаджанова З.И. | | | | | | zubia79@inbox.ru |
| | Арефан Д.Х | | | | 0500558821 | |
| | Ali Abdo | | | | | |
| Кабо | Момбаева Ур. | | студенттин энеси | | 0700825111 | |
| | Турусбек | | КР президентинин администрациясынын чечимдоолор, | | | |
| | Закир | | саясатты иштеп чыгуу. | эксперт | 0555753302 | |
| Шоев. А | | | | | 0709901239 | |
| | Абдуманов М.И | | | | 0708399333 | |
| | Эмилбек к. А | | „Сова" билим берүү борбору | мудур | 0704027679 | |
| | Майрамбекова Кымбат | | „Нома" мектеби | мугалим | 0772199041 | |
| | Орозбеков Азамат | | | | 0777580553 | |
| | [illegible] | | | | 0552260[illegible] | |
| | Абдумомунов Ч | | | | 0702081909 | |
| | Калилов М. | | студенттин | | 0706868972 | |
| | Макамаджан Ч. | | атасы | | 0708778956 | |
| | Тилемишов Бек | | студенттин атасы | | 0500040258 | |

0505 65 0303 6[illegible]3